УДК 378:81'1

Абдыкеримова А.Э.

*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# СӨЗ КАНДАЙ КҮЧКӨ ЭЭ?

*Макалада тилдин негизги бирдиги болгон сөздүн деструктивдүү магиялык күчү жана ага байланыштуу айрым маселелер тууралуу кеп болот.*

Адамдар ортосундагы коммуникациянын универсалдуу каражаты жана куралы болуп эсептелген сөз обьективдүү чындыкты аңдап-түшүнүүнүн, чагылдыруунун, баалап-нарктоонун да маанилүү каражаты болуп саналат. Салттуу илимий аныктама боюнча, сөз дегенибиз – «ар бир тилге мүнөздүү семантикалык, фонетикалык, грамматикалык белгилери болгон, заттардын, кубулуштардын, окуялардын ж.б. аттарын атап берүүчү негизги семантика-структуралык бирдик» (Кыргыз тили: 2004, 356). Байкалгандай, бул аныктама сөзгө статикалык кургак көрүнүш катары мүнөздөмө берет. Ырас, ал сөздүн тилдик (лингвистикалык) бардык белги-касиетин толугу менен камтыган, сөздү ар тараптуу чечмелеген абсолюттуу аныктама катары баалана албайт. Бирок биздин макалабыздын максаты сөз түшүнүгүнө берилген аныктамаларды тизмелөө, талдап-чечмелөө эмес, башкачараак өңүткө багытталган.

Адамзаттын жашоосунда сөз атоо гана эмес, таасир этүү, жаратуу же кыйратуу, өзгөртүү функцияларын да аткарып, ишенимдин эң күчтүү негизи боло аларын обьективдүү турмуштагы айрым көрүнүштөр далилдеп келе жатканын жокко чыгара албайбыз.

Буга чейинки бир макалабызда (Дагы бир жолу сөздүн күчү жана касиети тууралуу.// И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. Филологиялык илимдер. Чыг.1. –Бишкек, 2010. - 9-19) белгиленип кеткендей, дүйнө элдеринин ыйык китептеринин бири болгон Иоанндын Инжили: «Адегенде Сөз болгон, Сөз Жараткандыкы болгон» деп башталары маалым. Инжил боюнча, Сөз адеп адамды жаратып, андан соң аны өркүндөтүп, Жараткандын өзүнө окшош кылган экен. Бирок Сөз жаратуучу эле эмес, кыйратуучу да күчкө ээ. Шайтан Сөздүн жардамы менен Адам Ата жана Обо Эненин бейиштен куулуп калуусуна жетишкен.

Биз бул макалабызда сөздүн дал ошол кыйратуучу магиялык күчү тууралуу азын-оолак кеп кылуу максатын көздөдүк. Бул өңүттө сөз кылуунун алдында белгилей кетүүчү бир жагдайды эске алуу абзел деп ойлойбуз. Кыргыз тил илиминде, дегеле филологиясында сөздүн магиялык касиет-күчү, башкача айтканда, илимдин, анын ичинде тил илиминин бизге белгилүү болгон методдору аркылуу иликтөөгө мүмкүн болбогон касиеттери тууралуу эч кандай олуттуу изилдөө иштери, өбөлгө болуучу теориялык-методологиялык негиздер болбогондуктан, бул макалада да так аныктама, далилге караганда, талаш-тартышты жарата турган суроолор, субьективдүү көз караш, божомолдор арбыныраактай таасир калтырышы ыктымал. Бирок алар келечектеги системалуу изилдөөлөргө түрткү, негиз берет деген ишенимдебиз.

Негизинен, адам баласына, дегеле жандуу организмге таасир тийгизүүчү күчү, энегетикасы боюнча сөздөрдү эки топко бөлүүгө болот: оң энергетика алып жүрүүчү сөздөр жана терс энергетикага ээ болгон сөздөр. Ушуга жараша алар карама-каршы эки уюлда турушат: биринчилери жаратуучу, экинчилери кыйратуучу деструктивдүү күчкө ээ. Албетте, сөздүн оң же терс энергетикага ээ экенин физикада энергиянын ар кандай түрүн аныктоодо, өлчөп-ченөөдө колдонулган приборлордой кандайдыр бир аппарат, жабдуунун жардамы менен дароо аныктоого мүмкүн эмес. Аны турмуштук байкоолордун, элдин күндөлүк тажрыйбасынын, айрым изилдөөчүлөр (чет элдик, орус) тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн натыйжасынан баамдоого болот.

Сөздүн деструктивдүү магиялык касиети жөнүндө жогоруда көрсөтүлгөн макалабызда да айтылган болчу. Анда айрым ырым-дарым, дуба, каргыштардын терс энергетикасы, аларда колдонулган сөздөрдүн кыйраткыч негативдүү күчү жана таасири тууралуу айтылган. Бирок терс энергетикага, адамга негативдүү таасир тийгизүү, ден соолугун, маанайын, а түгүл турмуш-тагдырын өзгөртүү, бузуу күчүнө жеке эле дуба, каргыштар эмес, күндөлүк жашообузда арбын учураган вульгаризмдер, орой-одоно, уят,

сөгүнүү сөздөрү да ээ болот деп айтууга болот.

Бул топко кирген тилдик бирдиктер тил илиминин лексикология бөлүмүндө, стилистикалык жактан чектелген лексиканын алкагында каралып жүрөт. Тилекке каршы, бул топтогу сөздөр боюнча атайын системалуу изилдөө улуттук тил илимибизде жүргүзүлө элек. Албетте, бул жагдай, бир жагынан, нравалык-этикалык маселеге да барып такалары, экинчи жагынан, азыркы кыргыз тил илиминде уят сөздөрдөн, сөгүнгөн сөздөрдөн башка деле иликтөөгө ала турган, башы ачылбай жаткан маселелер арбын экендиги менен байланыштуу деп ойлойбуз. Бирок бул түрдөгү тилдик көрүнүштөр реалдуу фактылар катары эртеби-кечпи лингвистикалык илимий изилдөөлөргө, болгондо да полипарадигмалык пландагы изилдөөлөргө алынышы кажет. Анын үстүнө, күндөлүк практика көрсөткөндөй, азыр уят сөздөр, сөгүнүү кайсы бир даражада массалык мүнөзгө ээ болуп бараткандай: айрым учурда аял-эркегине, кары- жашына карабай, эл көзүнчө сөгүнүп жаткандары өөн учурабай деле калды окшойт. Мындай көрүнүш тилдик, коммуникациялык, психологиялык, социалдык, этноменталдык, маданий ж.б. кандай факторлор менен байланыштуу деген суроолор да кызыгуу жаратары шексиз.

Кыргыз тилинин лексикологиясы боюнча эмгектерде (мис.: Мамытов: 1999; Өмүралиева: 2001; Азыркы кыргыз адабий тили: 2009 ж.б.) вульгаризмдер, орой-одоно сөздөр, уят сөздөр, сөгүнүү сөздөрү боюнча өтө эле кыска маалыматтар берилип, алар жалпы элдик турмуштук сүйлөшүү лексикасына кирери, бейтарап лексикадан өзүнүн стилистикалык экспрессивдүү мааниси менен айырмаланары, эмоциялык баалоо компонентине ээ болору көрсөтүлгөн. Ошондой эле алар турмуш-тиричиликтин тар чөйрөсүндө, өз ара оозеки кепте колдонулары, аздыр-көптүр эркиндик мүнөзүнө ээ болуп, тилдик нормаларды сөзсүз түрдө талап кылбастыгы, терс эмоцияга ээ болору да белгиленген. Башкача айтканда, бул топтогу сөздөргө илимий-лингвистикалык жактан ушундайча мүнөздөмө берилген. Бирок алар экспрессивдүүлүк, терс эмотивдүүлүк менен катар, терс энергетикага, талкалоочу, зыян келтирүүчү магиялык күчкө ээ болору тууралуу айтыла элек.

Ушул жагынан алганда, орой-одоно, уят, сөгүнүү сөздөрү да тескери дуба, каргыш сөздөр сыяктуу өзүндө кыйратуучу деструктивдүү энергетиканы камтыйт. Алар адамды моралдык-психикалык жана физиологиялык жактан оорулуу кылып, айбандык инстинктке гана баш ийген биологиялык жандыктын деңгээлине түшүрүүдө «салым кошот» деп айтууга болот.

Психологдордун көз карашы боюнча, адамдын жан дүйнөсүнүн тигил же бул абалы үчүн ал адам айткан же уккан сөздөрдүн негизинде бейаң-сезиминде пайда болгон образдар чоң роль ойнойт. Бул багытта биринчилерден болуп илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө аракеттенген орус изилдөөчүсү Иван Белявский болгон. Белявский адам тарабынан айтылган же уккан ар бир сөз генетикалык аппаратка таасир этүүчү энергетикалык зарядды алып жүрөрү тууралуу божомол айтып, көп жылдык тажрыйбаларынын негизинде аны далилдей алган экен.

Изилдөөчү бир катары жылдар бою эки топтогу адамдарга байкоо жүргүзгөн. Биринчи топко оозунан уят сөздөр, сөгүнүү сөздөрү түшпөгөн адамдар кирген. Экинчи топ, тескерисинче, өз кебинде андай сөздөрдү колдонбогон адамдардан турган. Байкоолор көрсөткөндөй, 1-топтогу адамдардын организминде клеткалык деңгээлдеги куралктык өзгөрүүлөр, башкача айтканда, картаюу процесси менен байланыштуу өзгөрүүлөр эртерээк жана тезирээк жүрүп, оңой менен айыкпаган, өнөкөт түргө өтүп кеткен илдеттер пайда болгон. Ал эми 2-топтогу адамдардын басымдуу бөлүгүнүн организми расмий биологиялык курагынан 5-15 жашка жаш болгону байкалган.

Россия Илимдер Академиясынын Сибирь бөлүмүнүн алдындагы Красноярск медициналык технологиялар борборунун илимпоздору да жогорудагыга окшош натыйжаларга жетишкен экен. Алардын изилдөөлөрү сөздүк (вербалдык) маалыматтын адамдын иммундук системасына тийгизген таасирин аныктоого арналган. Красноярскилик медиктер өздөрүнүн психотерапевттик сеанстарында колдонушкан «жакшы сөздөр» оорулуулардын маанайын көтөрүп, алардын канынын курамына таасир эткен. ДНК структурасында да өзгөрүүлөр жүргөн. «Сөз терапиясынын» жардамы менен операциядан кийинки жараттар тезирээк айыкканы аныкталган. Дары-дармектер менен

дарылангандарга караганда, сөз терапиясы менен дарылангандар оорусунан 5-7 күн эртерээк айыгышкан. Мында адамдарга алкоо, мактоо сөздөрү менен катар, ***сүйүү, ишеним, үмүт, боорукерлик*** деген сыяктуу сөздөр өзгөчө таасир эткени белгиленген.

Ал эми орой-одоно, уят, сөгүнгөн сөздөрдүн таасири тескерисинче. Алар кулак аркылуу угуу менен адамдын организмине кирип, генетикалык аппаратка таасир этип, тукум куучулук программаларды өзгөртөрү, бул, өз кезегинде, түрдүү мутацияларды пайда кылары аныкталган.

Теориялык божомолдорду далилдөө максатында илимпоздор тарабынан адамдын кебин (сүйлөгөнүн) электромагниттик термелүүлөргө өзгөртүүчү аппарат иштелип чыккандыгы боюнча маалымат бар (Живое и мертвое слово. // Совершенно не секретно. - 2012. № 13). Электромагниттик термелүүлөр тукум куучулук молекулаларына активдүү таасир тийгизери белгилүү. Тажрыйбалар арабидопсис деп аталган өсүмдүктүн уруктары менен жүргүзүлүп, алгачкы эле натыйжалары таң калыштуу болгон экен. Аппаратка айтылган «жаман сөздөр» (уят, сөгүнгөн сөздөр) тирүү организмдин клеткаларында мутагендик эффект жаратканы байкалган. Сөздүк бомбалоого кабылган, башкача айтканда, «жаман сөздөрдү» уккан уруктар генетикалык бузулууларга дуушар болушкан. Мында үндүн бийиктиги, тону, кептин күчү, катуу кыйкырып же шыбырап айтуу эч кандай мааниге ээ болбогон. «Жаман сөздөр» кандай айтылганына карабастан, жандуу клеткаларга тийгизген тескери таасири, мутагендик эффектини пайда кылуусу бирдей болгону белгиленет.

Бул феномендин себеби ДНКнын структурасы менен байланыштуу экендиги аныкталган. Көрсө, тукум куучулук маалыматтар ДНКнын химиялык структурасында эле эмес, хромосомалардын тегерегинде да пайда болуп, физикалык талааларда топтолот экен. ДНК молекулалары электромагниттик жана акустикалык толкундардын жардамы менен бул маалыматтарды алмашуу жөндөмүнө ээ болот. Белгилүү болгондой, ДНК үчүн алып жаткан маалыматтын бардыгы бирдей эмес, кээ бир малыматтар, атап айтканда, сөздөр да ДНКга оң же терс таасир этери аныкталган.

Мындай сөздөр терс таасир жаратарын лингвист, социолог, психолог окумуштулардын иликтөөлөрү менен статистикалык маалыматтар да бекемдейт. Одоно, уят, сөгүнгөн сөздөр көп колдонулган үй-бүлөлөрдө өскөн балдар өздөрүнүн курбу-курдаштарынан, башка социомаданий шартта жашаган курбалдаштарынан өнүгүүнүн бардык көрсөткүчтөрү жагынан аксап, артта калышат. Мындай балдар бойго жеткенде психикасынын бузулуулары жана өнөкөт оорулар менен жабыркоосунун проценттик көрсөткүчү өтө жогору болгон. Себеби одоно, орой, уят сөздөр жаш баланын назик аурасын, биоталаасын ок сыяктуу тешип өтүп, ички жан дүйнөсүн да, организмин да бузуу, майып кылуу кудуретине ээ болот.

Кайсы бир даражда мындай сөздөрдү психовирустар катары кароого да болот. Өз ара сүйлөшүүдө мындай сөздөрдү колдонуу менен адам өзүнө да, тегерегиндеги адамдарга да психовирустарды улам көбөйтүп чакыра берет. Философиянын фундаменталдык мыйзамына ылайык, психовирустардын сандык көрсөткүчү сапаттык деңгээлге өтүп, адамда адегенде майда-барат көйгөйлөр келип чыгат, алар акырындап чоң көйгөйлөрдү, кыйынчылыктарды жаратат, саламаттык бузулат, акыры тагдыр талкаланат.

Демек, сөз кадырын жакшы билген, сөз барктаган кыргыз элинде эзелтен айтылып келе жаткан «Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет», «Айтылган сөз – атылган ок», «Сөз атасы – кулак», «Сөздүн башы – бир бычак, аягы – бир кучак», «Сөз сөөктөн өтөт» деген сыяктуу макалдар терең дидактикалык, нравалык-этикалык, өтмө маанилер менен катар, сөздүн жандуу организмге тийгизген таасирин жана кесепеттерин түздөн-түз туюндуруп берүүчү мааниге да ээ экени байкалып турат. Ошондуктан элибизде көпчүлүк ичинде, улуу-кичүү арасында, балдардын көзүнчө сөгүнүү, уят сөздөрдү айтуу өтө осол жорук, адепсиздик катары каралып, айтылган ар бир сөзгө кылдат мамиле жасалган. Тилекке каршы, мындай нарк бүгүнкү күндө өз күчүн жоготуп баратат.

Россиялык изилдөөчүлөрдүн да пикиринде, орой-одоно, уят, сөгүнүү сөздөрү улам барган сайын россиялыктардын күндөлүк лексиконунда кеңири жайылууда. 200-300-жыл мурда Руста массалык түрдө уят сөздөрдү колдонуу, сөгүнүү көйгөйү болбоптур. 17-

кылымда көчөдөн уят, орой-одоно сөздү угуу, сөгүнгөн адамды кезиктирүү мүмкүн болбогон. Мындай жагдай ошол доордо жашаган адамдардын маданияттуулугу менен гана байланыштуу болбостон, мамлекеттин саясаты менен да байланыштуу болгон. Собордук Жобого ылайык, элдин көзүнчө уят сөздөрдү айтканы, сөгүнгөнү үчүн өлүм жазасына чейинки катаал жазалар каралган. Мезгилдин өтүшү менен заман, шарттар да өзгөрөт. Петр Інин тушунда орустарда ичкилик ичүү көнүмүшкө айланган. Ага байланыштуу, уят сөздөр, сөгүнүү адегенде ичкилик ичилген кабактарда кезиксе, көп өтпөй көчөлөрдөн угула баштаган. XIX кылымда мындай сөздөр фабрика жумушчулар менен кол өнөрчүлөрдүн лексиконунун негизин түзүп калган. Октябрь революциясынан кийин уят сөздөр, ашата сөгүнүү саясий ишмерлердин лексиконуна кирген. Ошондон тарта бүгүнкү күнгө карата бул маселе Россияда өзүнчө бир чоң көйгөйгө айланды. Социологдордун статистикалык маалыматтарына таянсак, 128,6 млн россиялык уят, сөгүнгөн сөздөрдү системалуу түрдө колдонуп, сөгүнүүгө күнүнө 1 мүнөт 15 секунда, бир жылда 7 саат 36 мүнөт коротот экен.

Бул жагынан кыргыздар, кыргызстандыктар деле артта калган жок. Эл көп чогулган жерлерде, көчөлөрдө, базарларда, коомдук транспортто ж.б. андай сөздөрдү арбын эле угууга болот. Айрыкча, айрым жаш-улан кыздардын өз ара сүйлөшкөндөрү ушунчалык жагымсыз таасир калтырып жүргөнү баарыбызга тааныш. Кебинин ар бир сүйлөмүндө аз дегенде 2-3 төн кыргызча, орусча уят, сөгүнгөн сөзсүз сүйлөй албаган жаштардын өзүнчө бир мууну өсүп чыкканы өкүнүчтүү. Албетте, бул алардын үй-бүлөдө алган тарбиясына, чоңоюп-өскөн жана тегерегиндеги чөйрөсүнө байланыштуу болору шексиз. Же болбосо, азыр эрекектерибиздин арасында «энеңди урайын» деген конструкция кадыресе көрүнүш, сөгүнгөн сөздөрдүн «эң жумшагына» жана акыл-эси жетиле элек тестиеринен карысына чейин айтып, массалык мүнөзгө өткөнүнө айланып калды. Түздөн-түз мааниси жагынан алганда, дүйнөдөгү эң ыйык адамга – энеге – акаарат келтирүүнү туюндурган бөл сөгүнүү айрым «эркек таналардын» төл сөзү болуп калды. А түгүл, аны кээ бир кыз-келиндердин оозунан да эшитчү болдук. Буга эмне себеп? Эзелтен энени, аялзатын кадырлап-сыйлап келген кыргыздардын аң-сезиминде кандай тескери трансформациялар жүрүп жатат? Мындай одоно, уят сөздөрдү, сөгүнүүнү системалуу түрдө айта жана уга бергендин натыйжасында рухий жактан да, физиологиялык жактан да оорулуу муун өсүп келе жатабы? Дегеле, мындай сөздөрдү арбын колдонуунун кандай себептери бар? Бул суроолорго бир жактуу, так жооп берүү өтө кыйын, анткени маселенин тамыры көп жагдайларга барып такалат.

Байкашыбызча, уят сөздөрдү, сөгүнгөн сөздөрдү кепте колдонууну төмөнкүдөй жагдайлар менен байланыштырууга болот. Биринчиден, мындай тилдик бирдиктер эмотивдүү, экспрессивдүү мааниге, боекчого ээ болгондуктан, адам тигил же бул, айрыкча, терс эмоционалдык абалда турганда бул түрдөгү сөздөр аркылуу өзүнүн ичиндегисин сыртка чыгарып, эмоционалдык чыңалууну азайтып, жеңилдеп калууга бейаң-сезимсиз түрдө умтулат окшойт. Муну суроо салып көргөн респонденттер да бекемдешти. Экинчиден, сөз байлыгы жарды, өзүнө-өзү ишене албаган айрым адамдар үчүн сөгүнгөн, уят сөздөр кебинде сөздөрдү, сүйлөмдөрдү байланыштыруунун өзүнчө бир ыкмасы катары каралат экен. Үчүнчүдөн, айрым бир социалдык топко кирген адамдар үчүн мындай сөздөр өз тобундагы адамдар менен сүйлөшүү, мамилелешүүнүн өзүнчө бир аргосуна айланып калган деп айтууга болот. Алыс барбай эле, туруктуу жашоочу жери жок селсаяк-кайырчылардын өз ара кебин тыңшап көрөлү. Кылмыш чөйрөсүнүн орто жана төмөнкү баскычтарынын өкүлдөрү да бул түрдөгү сөздөрсүз сүйлөй албастыгы белгилүү. Же болбосо, жаштардын айрымдарына мындай манерада сүйлөө өз курбалдаштарынын арасындагы «статусун» көрсөтөрүн да респонденттерден билдик. Төртүнчүдөн, изилдөөчү-психологдордун пикиринде, секс чөйрөсүнө, жыныстык органдарга байланыштуу уят сөздөр менен сөгүнүү же инвективдер интимдик жашоосунда ийгиликке, бакытка жете албагандар (айрыкча, эркектер) үчүн күчтүү психологиялык сексуалдык «азык» катары каралат экен (сурамжыласак, кыргыз тилинде деле бир кыйла инвективдер бар экен, бирок аларды тизмелеп отуруунун кажети жок). Мындай сөздөр аркылуу алар өздөрүнүн ич күптүсүн чыгарып, жолу болбогонун актанып

алышары белгиленет. Албетте, бул көз караштын да олуттуу аргументтери бар жана аны четке кага албайбыз. Бешинчиден, учурдагы коомубузда тамырлуу улуттук идеологиянын жоктугу, рухий дүйнөнүн жакырлануусу, көпчүлүк замандаштарыбыздын жалпы маданиятынын төмөндүгү, ММКнын белгилүү бир деңгээлдеги эркиндиги жана цензуранын жоктугу, тескөөгө өтө кыйын болгон Интернет булактары, батыш маданиятынын биздин менталитетке туура келбеген көрүнүштөрү да өз таасирин тийгизүүдө деп айтууга болот.

Бул маселени көтөрүүнүн кандай кажети бар, кимдин оозун тыя алабыз, сөз деген айтыла берет да, көнүмүшкө айланып калганды кантип жок дегенде азайтууга болот деген суроолор келип чыгат. Көрсө, кажети бар экен. Бул жерде маселе жеке эле адеп-ахлак, ыйманда, жалпы маданияттуулукта, кеп маданиятында эмес. Маселе улуттун рухий жана физикалык саламаттыгы менен да байланыштуу, анткени мындай сөздөр адамдын рухий дүйнөсүнө да, организмине да таасир этип, тескери процесстерди, терс көрүнүштөрдү жаратары жогоруда айтылып кетти. Демек, мекендештерибиз, айрыкча, жаштар арасында сөгүнүү, уят сөздөрдү колдонуу күндөлүк оозеки кептин кадыресе көрүнүшүнө айланып бараткаы олуттуу социалдык, этномаданий, психологиялык, лингвистикалык көйгөй болууга тийиш. Анткени ал улуттун, жалпы элдин келечеги менен да байланыштуу маселе деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**


1. Абдыкеримова А.Э. Дагы бир жолу сөздүн күчү жана касиети тууралуу. //И.Арабаев ат. КМУнун жарчысы. Филологиялык илимдер. Чыг.1. –Бишкек, 2010.
2. Азыркы кыргыз адабий тили. –Бишкек, 2009.
3. Живое и мертвое слово. //Совершенно не секретно. -2012. -№ 13.
4. Кыргыз тили. Энциклопедиялык курал. –Бишкек, 2004.
5. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика. Лексикология. –Бишкек, 1999.
6. Өмүралиева С. Азыркы кыргыз тили. Лексикология. –Бишкек, 2001.